

11

### Тилек Кийизбаев: «Балетке ар бир күнүмдү арнап келем»

*Балет бийчиси дегенде көбүчө кымча бел кыздарды элестетебиз. Бирок балет өнөрүндө жигиттер да арбын кездешет.*



12

### “Фрилансерлерге суроо-талап улам өсүүдө”

*Фрилансерлер - булар эркин жумушчулар. Айрыкча, пандемия тушунда фрилансерлерге суроо-талап бүтүн дүйнөдө өстү.*



14

### Өзбекстандык көк бөрүчү Жони

*Жалпы журтка “Жони” деген каймана аты менен таанымал көк бөрүчү Өзбекстандын Жизак облусунун Бахмал районундагы кыргыз айылдарынын биринде туулган. Чыныгы аты Жаныкул Умаров.*


# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ | ОКТЯБРЬ 2021 / 81-ЧЫГАРЫЛЫШ | www.manas.edu.kg





# Түркиянын вице-президенти Фуат Октай Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде болду


Түрк дүйнөсүнүн санарип жарандыгы ачылыш сабагы өткөрүлдү 5

КТМУга “Жашыл аймак” картасы тапшырылды 6

Коммуникация факультетинин окутуучулары жеңишке ээ болушту 15

# Түркиянын вице-президенти Фуат Октай Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде болду





**Түркиянын вице-президенти Фуат Октай Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде болду.**

КАБАР: MEDIAMANAS
ФОТО: MEDIAMANAS

Түркия-Кыргыз Өкмөттөрү аралык экономикалык комиссия жыйналышы үчүн Кыргызстанга келген вице-президент Фуат Октайдын 2021-жылдын 10-сентябрындагы сапарын: Түркия Республикасынын Бишкектеги элчиси Ахмет Садык Доган, Экология жана шаар куруу министринин орун басары Мехмет Эмин Башпынар, Энергетика жана табийгый ресурстар министринин орун басары Шереф Калайжы, Айыл жана токой чарба министринин орун басары Айше Айшын Ышыкгеже, Соода министринин орун басары Сезаи Учармак, Транспорт жана инфраструктура министринин орун басары Селим Дурсун жана Тышкы экономикалык мамилелер кеңешинин төрагасы Найил Олпак коштоду.

КТМУнун биринчи проректору проф.докт. Асылбек Кулмырзаев, проректору проф. докт. Мустафа Орчан жана ректордун башкы кеңешчиси Ахмет Беше, Фуат Октай баштаган делегацияны Сенаттык залда тосуп алышты.

Проф.докт. Асылбек Кулмырзаев, вице-президент Октайга КТМУнун жаңылануу, өнүгүүлөр тууралуу маалымат берди. Иш сапарында жүргөн ректор проф.докт. Алпаслан Жейландын атынан ысык салам жолдоду.

Октай универсеттин соңку өнүгүүлөрүнөн кабары барын жана ал үчүн мындай окуялар жагымдуу экенин баса белгиледи.

Асылбек Кулмырзаев Фуат Октайга деген атайы белегин арнаган соң, эстеликке сүрөткө түшүшүп жолугушуу жыйынтыкталды.

## КТМУнун окумуштууларынын жаңы илимий наамдары

**КТМУнун гуманитардык факультетинин чыгыш тилдери бөлүмүнүн башчысы проф. докт. Осмонакун Ибраимов Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын анык мүчөсү (академик) болуп шайланды.**



КАБАР: MEDIAMANAS
Мехрафруз Набиева

Ошондой эле инженердик факультеттин экологиялык инженерия бөлүмүнүн профессору илимдин доктору Канатбек Кокобаев жана Кесиптик лицейдин Техникалык программалар бөлүмүнүн Автоунаа программасынын профессору, илимдин доктору Улукбек Давлятов КР УИАнын мүчө-корреспонденти болушту.

Буга чейин төрт жыл сайын жарыялануучу шайлоо эки жолу өтпөй калгандыктан, дээрлик 11 жылдан бери Илимдер академиясында илимий наамдар үчүн бош орундар көбөйгөн. Сынак эки айлампа менен өткөрүлүп, 14 илимпоз академик жана 35и мүчө-корреспондент болуп шайланышты.

# Диний иштер боюнча башкармалыктын Төрагасы Али Эрбаш КТМУда



**“Өзгөн Имам Серахси” мечитинин жана комплексинин ачылыш аземи үчүн Кыргызстанга келген Диний иштер боюнча Башкармалыктын Төрагасы Проф.докт. Али Эрбаш Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде болду.**

Ректор Проф.докт. Алпаслан Жейлан жана ректордун орун басары проф.докт. Асылбек Кулмырзаев коштогон Али Эрбаш окутуучулук-профессорлук курамга, студенттерге жана бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрүнө конференция өткөрдү.

Конференцияга Түркия Республикасынын Кыргызстандагы ыйгарым укуктуу элчиси Ахмет Садык Доган, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Дин иштер башкармалыгынын башчысы проф.докт. Ахмет Үнсал, Дин иштери боюнча вице-президент доц., докт. Селим Аргун, Тышкы байланыштардын баш директору Эрдал Аталай жана ТР дин кызматтары боюнча Кыргызстандагы Түрк элчилигинин кеңешчиси Мүрсел Өзтүрк катышты.

Диний иштер башкармалыгынын Төрагасы Али Эрбаш динди кыянаттык менен колдонуунун коркунучтарын эске алуу менен: “Тилекке каршы, динди кыянаттык менен пайдаланган террористтик уюмдар жок эмес. Биз дин иштери башкармалыгы катары 2018-жылдын башынан тарта динди өз кызыкчылыктары үчүн пайдалангандарга каршы иш-аракеттерин жүргүзүп келе жатабыз. Өлкөбүздүн ар бир облусунда бул боюнча конференция жана семинарларды өткөрүп, китептерди чыгардык. Аны менен катар динди кыянаттык менен пайдаланган түзүмдөрдүн көз көрүнө террористтик уюмдарга өтүп кетип жаткандыгын да көрүүдөбүз. Алар менен баарыбыз биргеликте күрөшөлү”, - деген оюн билдирди.

Ошондой эле төрага Исламды туура түшүнүүдө кээ бир кейгейлөр бар экендигин жана илимдин борбору болгон университеттердин теология факультети окутуучулардын жардамы менен бул маселелерди чечүүгө күчү жете тургандыгын кошумчалап өттү.

Али Эрбаш дин иштери боюнча төрагалыктын өлкө ичиндеги жана чет жерлерде жүргүзгөн иштерине да токтолду.

Түркия Дин Фонду өлкө боюнча 81 облус, 911 райондо филиалы бар жалгыз фонд экендигин жана ал филиалга ар бир жердин өз муфтийлери жетекчилик кыларын билдирүү менен “Түркияда 90 миң мечит, 40 миңге жакын Куранды үйрөтүүчү курсубуз бар. Биз мечиттерибиздин илим жана маданияттын борборуна айлануусун каалайбыз”, - деген оюн айтты.

Ал эми чет жерлерде болсо дин башкармалыгы 100гө жакын өлкөнүн 2500 жашоочусу менен биргелешип дин тууралуу билим берүү иштерин жүргүзүшүп, 2019-жылы Курман айт майрамында 149 мамлекет менен байланышкан. Бул улуттун кең пейилдүүлүгүн көрсөтүү менен өлкөнү таанытууга да чоң салым кошкон.

Эрбаш өткөн замандын аалымдары жазган эмгектердин бүгүнкү күндө да маанисинин чоң экендигин эскертүү менен сөзүн мындай деп улады: “Заманыбызга жараша жашоо да өзгөрүп жаткандыгын көрүп жатабыз. Биз бул өзгөрүүлөргө өткөн күндөрдү эске алып, адамдык сапатыбызды жоготпостон, туруштук берүүбүз керек.”

Конференциянын аягында ректор Алпаслан Жейлан жана ректордун орун басары Асылбек Кулмырзаев Али Эрбашка сүрөт тартуу кылышты.

Белгилей кетсек, Эрбаш “Абдулкерим Сатук Бура Хан” мечитинде намазын окуп бүтүргөн соң, ректораттын мечиттин ылдый жайгашкан жерлерди “Үй бүлө жана жаштар борборуна” айландырууга колдоо көрсөтөрүн сүйлөдү.

**КАБАР: Алтынай Нуриддинова**
**ФОТО: MEDIAMANAS**



# КТМУ: “29-октябрь-Республика күнү” белгиленди



**Үстүбүздөгү жылдын 28-октябрь күнү Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде Түркиянын “Республика күнүн” майрамдоо иш-чарасы болуп өттү.**

КАБАР: MEDIAMANAS
Алтынай Нуриддинова

Иш-чара Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында өткөрүлүп, бир мүнөттүк эскерүү жана эки өлкөнүн улуттук гимндери менен башталды. Аны менен катар, “Республика күнүнө” карата даярдалган документалдуу фильм көрсөтүлүп, биринчи проректор, проф.др. Асылбек Кулмырзаев, проректор Мустафа Орчан жана ТРдин Кыргызстандагы элчиси Ахмет Садык Доганга сөз берилди. Түрк элчиси Доган өз сөзүндө Түркия мамлекетинин өлкө башчысы Режеп Тайип Эрдогандын “Республика күнүнө” арналган куттуктоосун окуп өттү.

Программанын алкагында Гуманитардык факультеттин тарых бөлүмүнүн профессору, докт. Юнус Эмре Гүрбүз “Республиканын декларациясы жана жетишкендиктери” аттуу баяндама жасады.

Майрамдык иш-чара көркөм өнөр факультети тарабынан уюштурулган чакан концерттик программа менен аяктады.





# Түрк дүйнөсүнүн санарип жарандыгы ачылыш сабагы өткөрүлдү




**Кыргыз-Түрк "Манас" университети менен Газиантеп университетинин биргелешкен жетекчилиги менен "Түрк дүйнөсү санарип жарандыгы" долбоорунун ачылыш сабагы өткөрүлдү.**

Ачылыш сабагы КТМУнун медиа борбору МЕДИАМАНАС студиясында университеттин ректору проф. докт. Алпаслан Жейлан жана ректордун орун басары Асылбек Кулмырзаевдин лекциялары менен башталды. Аны менен катар Түркия Республикасынын Президентинин Аппаратынын Коммуникациялар департаментинин башчысы, Камкорчулар Кеңешинин төрагасы Фахреттин Алтун сабактын ачылышында өзүнүн кайрылуу катын окуду. Кайрылуу катында: "Урматтуу өлкө башчыбыздын жетекчилиги менен Түркиянын келечеги үчүн иштеп келе жаткан уюмдарыбыз уламдан-улам күчтөнүп, дагы да ишенимдүү кадамдарды таштоо менен өз долбоорлорун ишке ашырып келе жатышат. Ушундай мыкты долбоорлордун бири "Түрк дүйнөсүнүн санарип жарандыгы" болуп саналат. Бул долбоор дини да, тили да, маданияты да, тарыхы да бир болгон жаштарыбызга улуттук жана руханий баалуулуктарыбызды үйрөнүүсүнө өбөлгө түзөт. Ошондой эле байыркы аймактардын үзгүлтүккө учураган карым-катнаштарын кайрадан калыбына келтирет", - деди.

Бул сабакты 9 өлкөнүн 72 университетинен 3150 студент алган. Алар 16 жума бою өткөрүлгөн сабактарга катышууну улантышат.

Ректор проф.докт. А. Жейлан өз сабагында " Долбоордун биринчи баскычы болгон "Түрк дүйнөсүнүн санарип жарандыгы" дини, тили, келечеги бир болгон жаштарыбыздын бири-бири менен жакындан таанышуусуна себепчи боло алат жана сабакты алган ар бир студент маданиятка бай өтмүшүбүздүн жана келечегибиздин бир бөлүгү экенине жана баардыгы бир максатты көздөй бара жаткандыгы үчүн сыймыктанышат. Урматтуу өлкө башчыбыз айткандай, 'Юнустай жалындуу, Мевланадай күйүмдүү жана Хажи Бекташтай чыдамкай болбой туруп, мекенге кызмат кылуу мүмкүн эмес". Бул сабакты алган студенттерибиз дал ошол ураан менен алдыга умтуларында шегим жок. 16 жумалык сабакты ийгиликтүү аяктаган студенттерибиз долбоордун жардамы менен ар кандай илимий саякаттарга чыга алышат жана ар түрдүү белектерге ээ боло алышат,"-деди.

Эскерте кетсек, май айында университет ректорлорунуш катышуусу менен ТДСЖ долбоорунун бирдиктүү иш алып баруу протоколуна кол коюу аземи болуп өткөн.

Студенттер түрк илимподору менен жолугушуп, алардын тажрыйбасы жана берген билиминин негизинде түрк дүйнөсүндөгү маселелерди чечүү жолдорун издөө, ар түрдүү проекттерди түзүүнүн үстүндө иштешет. Ошондой эле Фараби сыяктуу илимий лагерлерге катышуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат.

Белгилей кетсек, долбоордун сабактарын 16 жума бою МЕДИАМАНАСтын YouTube каналынан Кыргызстандын сааты боюнча 13:30да көрүүгө болот.

КАБАР: MEDIAMANAS
ФОТО: MEDIAMANAS

# КТМУга "Жашыл аймак" картасы тапшырылды

Кыргыз-Түрк "Манас" университетине (КТМУ) "Жашыл аймак" интерактивдүү картасы тапшырылды, ал Кыргызстандагы COVID-19дан коопсуз болгон мекемелерге берилет.

КТМУ аталган картаны алган Кыргызстандагы алгачкы университет. Интерактивдүү карта кызматкерлеринин 70%ы эмдөөдөн өткөн мекемелерге берилсе, КТМУда бул көрсөткүч 86,6%ды түздү.

**КАБАР: MEDIAMANAS**
**ФОТО: MEDIAMANAS**




# Ректор Алпаслан Жейланга ыраазычылык каты тапшырылды

2021-жылдын 7-8-октябрында Бишкекте өткөн Казакстандын Кыргызстандагы маданият күндөрүндө Абдылас Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында Кыргызстандын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Кайрат Иманалиев жана Казакстандын маданият жана спорт министри Актоты Раимкулованын катышуусунда бир катар инсандарга жана өнөр адамдарына ыраазычылык каты тапшырылды.

Ушул иш-чарада Казак Республикасынын маданият жана спорт министри Актоты Раимкулова кыргыз жана казак элинин маданиятына бараандуу салым кошкондугу үчүн Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейланга ыраазычылык катын тапшырды.

**КАБАР: MEDIAMANAS**
**ФОТО: MEDIAMANAS**



# “Манас” университетинин бир катар ага окутуучулары мамлекеттик сыйлыктарга ээ болушту



**Жакында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын маданий, интеллектуалдык жана руханий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон салымы, көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин көркөм өнөр факультетинин ага окутуучулары бир катар мамлекеттик наамдары менен сыйланышты.**

Алар:

Көркөм өнөр факультетинин деканы, доцент Ибраев Анарбек Адылович - III даражадагы “Манас” ордени, музыка бөлүмүнүн ага окутуучусу жана Түрк Дүйнөсү оркестринин башкы дирежеру Джумакунов Рысбек Дуйшенбаевич - “Даңк” ордени, театралдык искусство бөлүмүнүн ага окутуучусу Кулмамбетов Жаныш Осмонович - “Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу” ардак наамы, музыка бөлүмүнүн ага окутуучусу Тиленчиев Карагул Амантурович - “Кыргыз Республикасынын эл артисти” ардак наамы, театралдык искусство бөлүмүнүн ага окутуучулары Мендибаиров Назым Кенжекулович жана Калмуратов Илимбек Жамбуловичке - “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти” ардак наамдары ыйгарылды.

КТМУнун ректораты, эмгек жамааты көркөм өнөр факультетинин ага окутуучуларын мамлекеттик сыйлыктары менен куттуктап, чын ден соолук, кажыбас кайрат, мындан ары да иштерине ийгилик каалап, ар дайым элдин кызматында боло беришине тилектештигин билдирет.

**КАБАР: MEDIAMANAS**
**Мехрафруз Набиева**

# Министрдин орун басары Демиржан “Манаста”

**КАБАР: MEDIAMANAS**
**Мехрафруз Набиева**

**Түркия Републикасынын Маданият жана туризм министринин орун басары Ахмет Мисбах Демиржан Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде болду.**

Иш-чарада Кыргыз-Түрк “Манас” университети менен ” Кыргыз тилине котормо” цехин түзүү, министрлик тарабынан басылып чыккан китептерди университетке өткөрүп берүү, министрликтин буйрутмасы менен даярдалган теле/кино материалдарын “Манас” телеведениеси менен бөлүшүү, келерки жылдан баштап министрлик тарабынан уюшурула турган Коркут Ата кинофестивалында университеттин катышуусу, КТМУ тарабынан түзүлгөн жана президенттик мөөнөтү “Манас” университетине өткөрүлүп берилген Түрк университеттер ассоциациясына мүчө университеттер менен маданият, искусство жана башка тармактарда кызматташуу күн тартибинде каралды.



КАБАР: MEDIAMANAS
ФОТО: MEDIAMANAS

# Окутуучулар жамааты үчүн жаңы окуу жылынын ачылыш аземи




**2021-жылдын 19-октябрында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) Маданият жана Конгресс борборунда 2021-2022-окуу жылынын ачылыш аземи болуп өттү.**

Ачылыш аземине: Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар министри Азамат Жаманкулов, Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Ахмет Садык Доган, элчиликтин мүчөлөрү жана өкүлдөрү, университеттин жетекчилик жамааты, аймактык жетекчилер, бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү, окутуучулар, студенттер жана басма сөз өкүлдөрү катышты. Иш-чара эки өлкөнүн гимндеринин аткарылуусу менен башталды.

**«Манастагы» жаңылыктар**

Гимндер аткарылгандан кийин, конокторго MEDIAMANAS тарабынан даярдалган “Манастагы жаңылыктар” тууралуу тасма көрсөтүлдү. Тасмада эки факультеттин, эки институттун, сегиз лабораториянын жана уч практикалык иш бөлмөсүнүн курулушу; шейит Эрен Бүлбүл ден-соолук борбору, Курманжан Датка сүрөт галереясы жана басма кеңсесинин ачылышы; Оба чай бакчасынын курулушу; долбоордук кеңселердин жасалышы; борбордук имараттын реконструкцияланышы; «Манас» телеканалынын бүткүл республика аймактарына көрсөтүлө баштоосу; санариптештирүү процесси ,иш процесстерин эффективдүү жана натыйжалуу кылуу сыяктуу университеттин административдик процессинде, иштешинде, физикалык, техникалык жана технологиялык структурасында ушул жыл ичинде болгон өнүгүүлөр кыскача чагылдырылды.

**«Манаста» окуу - бул мүмкүнчүлүк**

Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар министри Азамат Жаманкулов өз сөзүндө Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде өзүн үйүндөгүдөй сезгендигин айтып өттү. Айрыкча министр, КТМУнун физикалык инфраструктурасы, адамдык ресурстары жана студенттерине берген мүмкүнчүлүктөрү менен Орто Азиядагы эң мыкты университеттердин бири экенин баса белгиледи.

Министр Жаманкулов студенттерге кайрылып, «Силер ушундай сапаттуу университетте билим алып жатканыңар үчүн абдан бактылуусуңар. Андыктан бул мүмкүнчүлүктү туура пайдаланып, университетти ийгиликтүү бүтүрүшүңөр керек», - деп белгиледи. Чоң ийгиликтерге жетүү үчүн эң оболу кичинекей ийгиликтерди багынтуу керектигин айткан Жаманкулов, студенттерге келечекте жарата турган ийгиликтери жетишкен ийгиликтери сыяктуу эле баалуу экенин аңдап-билиши керектигин баса белгиледи.

**Келечектин ийгиликтүү жаштары «Манаста»**

Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Ахмет Садык Доган өз сөзүндө, Кыргызстандагы эң компетенттүү университеттердин бири болгон КТМУ ачылгандан бери көптөгөн таланттуу жаштарды тарбиялап чыгарганын, алардын азыркы учурда Кыргызстанга, Түркияга жана кыргыз-түрк мамилелеринин чыңдалышына эбегейсиз салым кошуп жатканын айтып өттү.

Ар бир ийгиликтүү окуу жайдын артында эмгекчил студенттер менен катар өз кесибин сүйгөн окутуучулардын бар экенин белгилеген Ахмет Садык Доган, студенттерди улутуна, өлкөсүнө жана жалпы эле адамзатка пайдалуу инсан кылып тарбиялаган окутуучулардын өтөгөн эмгеги баа жеткис экендигин баса белгиледи.

Университет тарабынан жасала турган иновациялар, жаңы кадамдар жана өзгөрүүлөр аркылуу кыргыз-түрк кызматташтыгы мындан да илгерилей берээрин айткан элчи Доган, университеттин иш-аракеттери эки өлкө жана боордош элдер үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр сунаарын билдирди.

Азыркы учурда узак тыныгуудан кийин окуу жайларына кайра кайтып келген жаштар Кыргызстандын гана эмес, Борбор Азиянын, аймактын жана Түркиянын келечеги экенин белгилеген элчи Ахмет Садык Доган, “КТМУнун жүрөктү толкунданткан жаш студенттеринин арасынан Түрк дүйнөсүнүн келечектеги ийгиликтүү илимпоздору, саясатчылары, өнөрпоздору, ишкерлери, спортчулары, мугалимдери, жоокерлери, докторлору, инженерлери чыгаарына ишенем”,-деп айтты.

**Күчтүү университет**

Университеттин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан: «Артыбызда Теңир -Тоолордой бекем турган урматтуу президенттерибиз жана Камкорчулар кеңешинин төрагасы университетибизге күч жана колдоо көрсөтүүдө. Алар көрсөткөн, алар ачкан жол менен университетибизди дагы да күчтөндүрүп жатабыз. Бүгүн КТМУда жакшы бир күндү өткөрүүдөбүз. Мына ушул сонун күндө президентибиздин жакшы бир сөзүн эске салгым келип турат: «Жунустай от, Мевланадай түйшүктүү, Хажы Бекташка окшоп кадырлуу адам болбосок элибизге кызмат кыла албайбыз».Ал эми азыр биз дагы алар көрсөткөн жолдон «токтоп калбай жолду улант» принциби менен алдыга карай умтулуудабыз. Бизде басчу али көп жол бар. Буюрса бирге жакшы нерселерге жетебиз деп ишенем”, - деди.

**Формалдуу билим берүү менен таасирдүү иштөө**

Университеттин биринчи проректору, профессор, доктор Асылбек Кулмырзаев, пандемия башталгандан бери салттуу эмес ыкмалар менен билим берүү чындыгында татаал процесс болгонун, бирок КТМУ бул процессти ийгиликтүү ашып өткөнүн айтты.

Учурдагы аталган бардык кыйынчылыктарга карабастан университетте көптөгөн өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр болгонун белгилеген профессор Кулмырзаев, университеттин жамааты жана студенттеринин көпчүлүгү эмдөөдөн өтүшү аркылуу кайрадан формалдуу билим берүүгө өтүлгөнүн, жыйынтыгында бул жаатта натыйжалуу жана жемиштүү иштерди баштоого болоорун белгиледи.

**Өнүгүү жолундагы университет**

Түркия Республикасынын Президенттик аппаратынын байланыш бөлүмүнүн башчысы жана КТМУнун Камкорчулар кеңешинин төрагасы профессор,доктор Фахреттин Алтун жиберген билдирүүсүндө, «Түптөлгөн күндөн бери Түрк дүйнөсүндө, өзгөчө Кыргызстанда абдан маанилүү миссияны аткарып келген «Манас» университетибиз күн сайын өнүгүп, билим берүү тармагында чоң ийгиликтерди багындырып келе жатат. Бул ийгиликке жетишүүдө тажрыйбанын мааниси чоң. Маалыматтарга оңой жетип, оперативдүү түрдө жайылтууга мүмкүндүк берген жана капиталга айланган бул санариптик доордо адам баласына басым жасаган эң маанилүү жана баалуу нерсе бул – балким баалуулуктарга негизделген билим берүү. Ушул максат менен орток келечекти куруу үчүн иш жүргүзгөн Манас университетибиз аталган жолдо алдыга карай ишенимдүү кадам таштоодо жана жыл сайын бул университетти бүтүргөн жаштар Түрк дүйнөсүн бүткүл дүйнөгө ийгиликтүү таанытууда.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети эки өлкөнүн жана боордош элдердин ортосундагы билим, маданият, саясат, экономика, медиа жана башка тармактарда кызматташуунун тереңдетүүдө маанилүү роль ойнойт деп ойлойм жана университетибизди ар дайым колдой турганыбызды билдиргим келет»,-деген.

**Ачылыш сабагы**

Аземдин расмий бөлүгү аяктагандан кийин азем КТМУнун Теология факультетинин деканынын орун басары профессор, доктор Режаи Догандын «Университеттин студенти болуу» аттуу ачылыш сабагы менен уланды.

Ачылыш сабагынан кийин баалуу эмгектери жана илимге кошкон салымы үчүн илимий наамдары көтөрүлгөн окутуучулаарды сыйлоо аземи өткөрүлдү.

**Концерттик программа**

Ачылыш аземи, «Манастын кыздары» бий тобунун салттуу бийлери, «Комуз Дастан» тобунун көрсөтүүсү, Кыргызстандын мамлекеттик артисти жана КТМУнун Көркөм өнөр факультетинин деканынын милдетин аткаруучу, доцент Анарбек Ибраевдин ырларынан турган концерттик программа менен аяктады.




Кабар: MEDIAMANAS
Которгон: Бегайым Курманбекова

# Манастыктар университетин боёшту

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде (КТМУ) "Сыр боёгучуңду ала кел" аттуу иш-чара болуп өттү. Ал университеттин социалдык жоопкерчилик иш-чараларынын алкагында уюштурулду. КТМУнун жамааты Чет тилдер мектебинин даярдоо класстарынын каалгаларын сырдоо үчүн чакырылды.**

2021-жылдын 20-сентябрында Курулуш иштери боюнча департаменттин координациясында өткөрүлгөн иш-чарага ректор проф. докт. Алпаслан Жейлан, проректор проф. докт. Асылбек Кулмырзаев, администраторлор, академиялык жана административдик кызматкерлер катышышты. Ректор проф. докт. Алпаслан Жейлан "Манас" үй-бүлөсүндө мындай иш-чаралар жыл бою улантыларын белгиледи.

### Баарын мамлекеттен күтүү түшүнүгүн өзгөртүү

Ректор проф. докт. А. Жейлан: «Бардык нерсени мамлекеттен күтүү түшүнүгүнөн баш тартууну чечтик. Биз муну ар кандай ыкмалар менен жасайбыз. Факультеттерибиз жана окуу жайларыбыз өзүбүздүн тармактарыбыз. Биз бир үй-бүлө болуу сезимин жогорулатуу үчүн ушундай долбоорду иштеп чыктык. Биз сиздердин бул ишке кызыкдар экениңиздерди көрдүк. Баарыңыздарга рахмат. Мындан ары башка иш-чараларда да бирге болобуз деген үмүттөбүз. Жыл бою ар кандай иш-чараларды өткөрөбүз. Биздин тилегибиз сиздердин сунуштарыңыздарга ээ болуу жана аларды ишке ашыруу. Биз бир үй-бүлөбүз, биз чоң "Манас" үй-бүлөсүбүз. Бүгүн биз университеттин ичин биринчи жолу чогуу сырдап жатабыз. Биз бул иштерди көп жылдар бою улантабыз деп ишенем. Өзүбүздүн окуу жайларды, факультеттерди сырдайбыз. Эмне үчүн мындай иш-чара маанилүү? Ушуга токтоло кетейин. Бизде бул ишти аткара турган жумушчуларыбыз бар. Бирок, биз өзүбүздүн салымыбызды кошуп, коомдук милдетибизди аткаруу үчүн ушундай иш-чараны өткөрүп жатабыз. Баарыңыздарга дагы бир жолу рахмат. Бул иш-чарага келгениңиздерге кубанычтамын", - деди.

### Ынтымакты жана биримдикти чыңдоо

Биринчи проректор проф. докт. Асылбек Кулмырзаев мындай иш-чаралар жамааттын ынтымак, биримдик сезимин бекемдеп, студенттердин катышуусунда өнүктүрүлүп, салтка айландырылаарын билдирди.

Манастыктар "Сыр боёгучуңду ала кел" иш-чарасынын алкагында 70 класстын эшигин сырдашты. Курулуш иштери бөлүмүнүн башчысы Онур Дурал иш-чара ректор проф. докт. Алпаслан Жейландын сунушу менен пландалганын, ынтымактуулуктун жакшы үлгүсүн көрсөткөн иш-чарада катышуучулардын көп болушу кубандырарын, даярдоо класстары жаңы окуу жылына ремонттолгонун айтты. Иш-чара катышуучулардын эстелик сүрөткө түшүүсү менен аяктады.



# Кыргызстанда V Түрк тасмаларынын жумалыгы болуп өттү




**Борбор калаада жайгашкан "Манас" кинотетрында Туркия Республикасынын Маданият жана туризм министирлигинин, Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин колдоосу, "Жергиликтүү идея" коомунун уюштуруусу жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин салымы менен уюштурулган V Түрк фильмдер жумалыгынын ачылыш аземи болду.**

16-октябрда болуп өткөн V Түрк фильмдер фестивалынын ачылышына Кыргызстандын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар министри Азамат Жаманкулов, Туркиянын Бишкектеги элчиси Ахмет Садык Доган, Түрк адилет жана өнүгүү партиясынын депутаты, "Жергиликтүү идея" коомунунун төрагасы Метин Гүндогду, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору проф. докт. Алпаслан Жейлан, Кыргызстан департаментинин башчысы Мукталы Бектаналиев, Ахыска түртөр коомунун башчысы Атамша Дурсунов, "7-камерадагы мужиза" аттуу филмьде баш ролду ойногон Ниса София Аксунгур, "Сүйүүнүн өмүрү" тасмасынын баш ролундагы актриса Тугба Үнсал жана конок кинорежиссёрлор катышты.

Эки өлкөнүн мамлекеттик гимндеринин аткарылуусунан кийин Кыргызстандын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар министри Азамат Жаманкулов, түрк фильмдеринин маани-маңызынын улам байып баратканын, актерлордун профессионалдуулугу, режиссёрлордун кино дүйнөсүндө өзгөчө ордуна ээ болгонуна токтолду:

"Мурда биз көбүнчө түрк сериалдарын көрчүбүз. Азыр болсо фильмдери өтө популярдуу боло баштады. Кыргыз киносу мындан үлгү алат деп ойлойбуз. Негизи эки жактан тең сабак ала турган жактар бар. Андан тышкары келечекте Кыргызстан-Түркия кино жаатында чоң долбоор уюштурулат деп ишенем",-деп белгилеп өттү.

**«Түрк фильмдер жумалыгы – эки өлкө элдеринин ортосундагы достуктун маанилүү көрсөткүчү»**

Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Мехмет Садык Доган, Түрк тасмалары жумалыгы эки өлкөнүн ортосундагы маданий жакындыкты көрсөткөн иш-чара экенин белгилеп: «Түрк фильмдери өлкөлөрүбүз жана элдерибиздин ортосундагы достуктун маанилүү көрсөткүчү болуп саналат. Ошондуктан, мен, Маданият министрине жана «Жергиликтүү идея» ассоциациясына колдоо көрсөткөндүктөрү үчүн өз ыраазычылыгымды билдирем»,-деди.


Түрк адилет жана өнүгүү партиясынын депутаты, «Жергиликтүү идея» коомунун төрагасы Метин Гүндогду, быйыл бешинчи жолу өткөрүлө турган Түрк тасмалары жумалыгынын эки боордош өлкөнү дагы да жакындата турганын айтып, Түрк дүйнөсүнө режиссёрлордун эмгектерин таанытуу үчүн Түрк Дүйнөсү Фильмдер Фондун түзүү зарылчылыгы бар экендигин баса белгиледи. Аны менен бирге Түркия Улуу Улуттук жыйынында түрк фильмдернин бюджетин көбөйтүү маселесин күн тартибине алып чыгарын айтты. Ошондой эле депутат Метин Гүндогду аталган фестивалды уюштурган адамдарга жана мекемелерге өзүнүн ыраазычылыгын билдирди.

Фестивалдын ачылыш аземи уюштурууга колдоо көрсөткөндөргө плакат, режиссёр жана актёрлорго белек тапшыруу аземи жана эстелик сүрөткө түшүү менен аяктады.

16-октябрдан 20-октябрга чейин созулган V Түрк тасмаларынын жумалыгында кино күйөрмандарына: «7-камерадагы мужиза», «Сүйүүнүн өмүрү», «Маузер», «Баскетбол шакекчеси», «Өмер жана биз», «Мадыра баштар: Киндик-Төбө» сыяктуу тасмалар акысыз көрсөтүлдү.

**КАБАР: MEDIAMANAS**
**Мехрафруз Набиева**

# Тилек Кийизбаев: *«Балетке ар бир күнүмдү арнап келем»*



***Балет бийчиси дегенде көбүчө кымча бел кыздарды элестетебиз. Бирок балет өнөрүндө жигиттер да арбын кездешет. Биз балет өнөрүн жан дили менен сүйүп, жашоосунун маңызына айлантkan жаш балет артисти Тилек Кийизбаев менен маектешип, бүгүнкү күндөгү балет бийчисинин бейнеси менен таанышканга аракеттендик.***

Тилек Кийизбаев Абдылас Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук опера жана балет театрынын солисти, сахнанын башкы мастери. Ал Чолпонбек Базарбаев атындагы хореографиялык окуу жайын артыкчылык менен аяктаган. Азыркы учурда ошол окуу жайында актёрдук чеберчилик жана классикалык бий багытында мугалим болуп да эмгектенип келет.

**Балетке алып келген жол**

Мен балетке чынын айтсам абдан кеч, 14 жашымда келгенмин. Хореографиялык билимим жок, болгону «Таберик» бий тобунда бир жылга жакын бийлегем. Ошол учурда Чолпонбек Базарбаев атындагы хореографиялык окуу жайында кабыл алуу жүрүп жаткан экен, мага мугалимим барып көрбөйсүңбү деп калды. Барсам, текшерип көрүп кабыл алышты, ошентип бул окуу жайда окуп калдым.

**Үй бүлөлүк бакыт**

Ата-энем жана жубайым дагы балет чөйрөсүндөгү адамдар. Алар мени ар дайым колдоп келишет, кандай гана кыйынчылыктар болбосун, түшүнүп, акыл-насааттарын айтып турушат. Анткени алар дагы бул жолду басып өтүшкөн, кыйынчылыктарын билишет. Өзгөчө жубайым менен жашоого болгон көз карашыбыз да, максатыбыз дагы бир болгондуктан, түшүнүгүү оңой, бир-бирибизди жолуктурганыбыз үчүн абдан бактылуумун.

**Балеттеги кыйынчылыктар**

Кыйынчылыктар көп эле болгон. 2019-жылы «Дон Кихот» спектаклинин жыйынтыктоочу репетициясындагы акыркы мүнөттө бутум менен жерге туура эмес кулагандыктан, бутумдун тизе бөлүгү айрылып кеткен. Ооруканага келсем доктур карап көрүп тиземдин булчуңдары, тизени кармап турган капсулалар дагы айрылып кетиптир, аны бир гана операция жолу менен калыбына келтиребиз деди. Ошол учур мен үчүн абдан кыйын болгон. Эки жыл дегенде өзүмө келдим. Балетти таштайын да дегем, анткени өзүмө келүү узакка созулуп, оор болду.

**Балет бийчисинин айлыгы**

Мамлекеттик театрда, бардык мамлекеттик кызматкерлердей эле биздин дагы айлыгыбыз абдан аз, 10000 сом чыкса, бул чоң жетишкендик. Тилекке каршы, азыркы заманда ал акчага эки баланды эмес, өзүңдү багуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, дээрлик баарыбыз эки же андан ашык жумуштарда иштейбиз. «Вдохновения» ансамблинде жаштарга бий үйрөтөм, чоң кишилерге дагы сабак берем. Чоң кишилер бий искусствосуна абдан кылдат мамиле кылышат. Ошондуктан, алар менен иштеген жагат.

**Балеттеги эркектердин орду**

Негизи балетте эркектердин бийлегенин ар ким ар кандай кабыл алат. Кээ бир адамдар мактап, колдоп, сыймыктанышат. Ошол эле учурда терс көз караштар да айтылбай койбойт. «Кыздардай болуп бийлегенче, олуттуу бир нерсе менен алектенбейсиңби» дегендер да бар. Бий бул кыздардыкы гана деген нерсе жок. Балетте көбүнчө сүйүү темасы козголот эмеспи. Сүйүү бул эркек менен аялдын ортосундагы мамиле. Биздин балетте ордубуз чоң, кыздарды колдоп, көтөрүп сахнанын көркүн ачабыз.

**"Ишенбейм, жашап мени ишендир"**

Мен үчүн нары кызыктуу, нары оор учурлардын бири «Ромео жана Джульетта» спектаклинде Ромеонун ролун аткарганым десем болот. Бул спектакль көп жылдардан бери коюла элек болчу. Спектаклда бири-бирин абдан берилип сүйгөн каармандардын образын жаратуубуз керек эле. Ага чейин мен эмоционалдык жактан ушунчалык сүйүүгө берилгендикти сахнада башымдан өткөргөн эмес элем. Бирок, «ишенбейм, жашап мени ишендир» деп айтылгандай, эки ашыктын күчтүү сүйүүсүн ошондо таасын көрсөтө алганбыз. Спектаклдин аягында каарман өлөт эмеспи, чындыгында ошол учурду аткаруу мен үчүн өтө кыйын болгон. Бирок биз менен мыкты деген хореографтар иштешкендиктен, жаш болгонубузга карабай, жогорку деңгээлде аткарып, мактоолорду укканбыз.



Даярдаган Гүлжамал Нурбекова

**Жакшы көргөн спектаклдерим**

Абдан жакшы көргөн эки спектаклим бар. Алар «Жизель» жана «Спартак». «Спартак» мени ийгиликке жеткирген ролдорумдун бири десем болот. Эң узак партияны ойногонум да, физикалык, моралдык жактан дагы оор ролум да ушул «Спартак» болду. Ал кезде мен 20 жашта болчумун. Тарыхтагы эң жаш аткаруучу болдум десем болот. Себеби бул ролду негизи 25-30 жаштагы артисттерге, бардык жактан даяр болгон учурда гана ишенип беришет.

# Фрилансер Айыма Орозобаева:

# “Фрилансерлерге суроо-талап улам өсүүдө”



Маектешкен Бегайым Курманбекова

***Фрилансерлер - булар эркин жумушчулар. Айрыкча, пандемия тушунда фрилансерлерге суроо-талап бүтүн дүйнөдө өстү. Алар кеңседе отуруп, белгилүү бир убакыт ичинде иштебейт. Фрилансерлик жумуш менен алектенгендер Кыргызстанда да улам көбөйүп жатат. Алардын бири Айыма Орозобаева. Айыма «Манас» гезитибизге фрилансерлик иштин өзгөчөлүктөрү тууралуу кенен маек куруп берди.***

***- Айыма, айтсаңыз, фрилансерликти тандаганыңызга эмне себеп болду? Мындай эркин ишке кантип аралашып калдыңыз?***

Мен абдан көп кырдуу адаммын, хоббим да көп. Карьерамда бир нерсе менен чектелгим келген жок. Жумушта дагы көп кырдуулугумду, чыгармачылыгымды колдонгум келди. Офис иши буга дайыма эле жол бере бербейт. Ошондуктан, мен фрилансер болуп иштей баштадым, ал жерде адамдарга жана компанияларга өз жөндөмдөрүм менен жардам бере алам, ал эми мен үчүн бул хобби сыяктуу эле. Анан албетте, кошумча акча тапкым келди, негизги жумушумдан алган 15-20 миң сом айлыгым мага жетпей калды. Ошентип, мен 17-18 жашымдан бери ата-энемден көз каранды болбой, фрилансер катары акча таап келем.

***- Фриланс тармагына жаңы аралашканда эмнеден баштадыңыз?***

Эң алгач Upwork, Fiverr, Translatorsbase сыяктуу платформаларга катталып, ошол жерден онлайн жумуш издей баштадым. Башында ал жактан эч кандай жөндөмдүүлүктү, кесипкөйлүктү талап кылбаган, мисалы, кандайдыр бир аудио материалды текст түрүндө жазуу сыяктуу жумуштарды аткарып жүрдүм.

***- Фрилансерлерге жумуш берүүчүлөр кандай талаптарды коюшат?***

Фриланста жумуш берүүчүлөр жакшы мүнөздөмөгө көп ээ болгон жумушчуларды тандашат. Ал кандай? Мен бир жумушту аткаргандан кийин кардарым иштин жыйынтыгы үчүн мага баа берип, пикир калтырат. Кийинки кардар болсо ошол пикирлердин негизинде тандоо жасайт. Жаңы катталганымда менде андай мүнөздөмөлөр жок болгондуктан, эч кимдин мени менен иштешкиси келбей жатты. Ошентип бир ай жумуш таба албай жүрдүм. Ал ортодо фриланс мен үчүн эмес окшойт деген да ойлор болду. Анан бир күнү эле бир долбоор боюнча сунуш келип түштү. Ал долбоордо кадимки офис жумушу сыяктуу эле жетекчинин жардамчысы катары онлайн түрдө иштедим.

***- Сиз айтып жаткан кыйынчылыктар жаңы фрилансерлердин барында эле кездешсе керек. Мындай кыйынчылыктан кантип чыкса болот?***

Тоскоолдуктарды жеңүү үчүн мурда оффлайн форматта иштешкен жетекчиңизден сиз жөнүндө мүнөздөмө жазып берүүсүн сурансаңыз болот. Же болбосо фрилансерлердин сайтындагы профилиңиздин бардык бөлүмдөрүн бош калтырбай толтуруп чыгуу керек. Мага жумуш табууга жакшы толтурулган анкетам жардам берди десем болот. Анткени мен ал жакка болгон жөндөмдөрүм тууралуу жазгам.

***- Фриланста азыр кандай иш кыласыз? Жумушуңуз тууралуу кененирээк айтып берсеңиз?***

Буга чейин көбүнчө котормочу же ассистент катары иштечүмүн. Бир нече ай мурун узак мөөнөттүү жумушка өттүм. Башкача айтканда, бир компанияда кызматкер катары катталгам. Бирок жумушту аралыктан аткарам. Ал компания менен бир жылга келишим түзүп, учурда менеджер катары иштейм. Толук ставкага иштөөнүн жакшы жери, мен эми мурдагыдай кыска мөөнөттүү жумуштарды издебейм.

***- Учурда фриланста кайсы адистиктерге талап жогору?***

Азыр бизнес ээлери өздөрүнүн товарларын социалдык тармактар же болбосо сайт аркылуу сатып калышпадыбы. Ошондуктан учурда веб-дизайнерлер, программисттер, СММ адистерине болгон талаптар жогору.

***- Онлайн жумушта иштөөгө канча убакыт бөлөсүз?***

Учурдагы жумушум жумасына 30-40 саатты талап кылат. Көбүнчө чет өлкөдөгүлөр менен иштешкеним үчүн убакыт айырмачылыгы бар. Ошондуктан кээде кечкисин же түнкүсүн иштөөгө туура келет.

***- Кардарларды кайдан, кантип табасыз? Көбүнчө кайсы өлкөлөр менен иштешесиз?***

Карлларды жогоруда айтып өткөн платформалардан (ред. Upwork, Fiverr, Translatorsbase) издечүмүн. Бирок алар мага жаккан жок. Учурда жумуш берүүчүлөрдү тааныштар аркылуу издей баштадым. Мен тааныштарыма өзүмдүн кызматымды сунуштайм, аларда мага ылайыктуу жумуш бар болсо, иштешебиз. Фриланста нетворкинг маанилүү. Буюртмаларды алгач Орусиядан алчумун, кийинчерээк Литва, Таиланд, Филиппинден сунуштарды ала баштадым.

***- Алдап кеткен же акчаңызды толугу менен төлөбөй койгон учурлар болду беле?***

Ооба, андай учурлар болгон. Башында бирөө мени алдап кетет деп коркчумун. Бир жолу Telegram тиркемеси аркылуу буюртма алгам. Ишимди толугу менен аткарып, жетекчиме жибергенден кийин алар жоголуп кетти. Албетте, бул нерсеге ичим ачышты. Анткени менин убактым текке кетти. Ошол окуядан кийин мен аванс же төлөмдү толугу менен алып иштеш керек экенин түшүндүм.

***- Пандемия учурунда элдин көбү аралыктан иштеп калышты. Сиздин ишиңизге ал учур кандай таасирин тийгизди?***


Пандемия учурунда мага көбүрөөк сунуштар түшө баштагандыктан, менин кирешем көбөйдү десем болот. Көбүрөөк тапшырык алуу үчүн мен дагы өз жөндөмдөрүмдү өнүктүрүп, жаңы кызматтарды сунуштаганга аракет кылдым. Ишканалар, компаниялар аралыктан иштөөгө өткөндүгүнө байланыштуу фрилансерлерге талаптар өстү. Менин оюмча, пандемия бүтсө деле фрилансерлерге болгон талап жогору бойдон кала берет. Себеби, иш берүүчүлөргө ижарага кеңсе алып, иштеткендин ордуна аралыктан буюртма берип коюп иштеген ыңгайлуу.

***- Фриланстагы эмгек рыногунда атаандаштык кандай?***

Атаандаштык өтө күчтүү. Бир долбоорго 50дөн ашык адам талапкер катары жазылат. Алардын ичинен суурулуп чыгуу үчүн мыкты кызматкер болушуң керек. Мен мына ушундан улам 1 жылдык келишим түзүп, толук ставкага өтүп кеткем. Бирок атаандаштыкка жараша жумуш дагы көп. Бул кадимки кеңседегидей эле жумуш, болгону аралыктан иштейсиз. Өзүңүздүн талантыңыз же жөндөмүңүз аркылуу фриланста жакшы акча тапсаңыз болот.

Даярдаган: Мехрафруз Набиева

*Малика Халикова 24 жашта. Тубаса церебралдык шал оорусу менен жабыркаган Малика коомдук иштерге активдүү катышып, өзүн өнүктүрүүнүн үстүнөн тынымсыз иштеген жаштардын бири. Церебралдык шал оорусу мээнин же нерв системасынын түзүлүштөрүндөгү патологиялык өзгөрүүлөрдөн улам пайда болгондуктан, бала баспай, акыл-эси да жабыркашы мүмкүн. Бирок, бул илдет Маликаны сындыра алган эмес. Жаш кыз учурда алып баруучулукту өздөштүрүп, аны менен катар кол өнөрчүлүк шыгы менен жашоонун жаңы эшиктерин ачканга аракети күч болуп турган кези.*




# Жашоомдун маңызы – өзүмдү өнүктүргөнүм

**"Менин эң чоң жетишкендигим жашоого позитивдүү карай баштаганым"**

Церебралдык шал оорусу менен күрөшүп келе жаткан Малика жашоого адам позитивдүү караганды үйрөнгөндө гана бардык кыйынчылыктарды жеңе алат дейт: "Мурда мага турмуш супсак, караңгы көрүнүп, жашоого болгон кызыгуум да жок эле. Буга чейин өтө түнт да болчумун. " Сен мага тийбе, мен сага тийбейм" деген эреже менен күн өткөрчүмүн. Кийинчерээк мектепке барып мугалимдердин жардамы менен ар кандай иш-чараларга, курстарга катышып жашоого болгон көз карашым түп тамырынан бери өзгөрдү". Менин колумдан эч нерсе келбейт" деген терс пикирлерди, сезимдерди жеңдим. Муну мен кыйынчылык катары эмес, жашоомдогу бир тепкич, менин эң чоң жетишкендигим катары эсептейм".

**"Ар бир иштин өзүнө жараша кыйынчылыктары болот"**

24 жаштагы Малика Януш Корчак атындагы мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн реабилитациялык борбордо 8 жашынан баштап окуп келет. Ал аталган жерден көп нерселерди үйрөнгөнүн, дагы деле үйрөнүп келе жатканын кубануу менен айтып отурду:

"Биздин сабагыбыз саат 8:00 башталып, кечки 17:00дө бүтөт. Апам Сокулукта жашагандыктан, сабактан кийин үйгө барууга жетишпейм, дем алыш күндөрү гана барып турам. Уктай турчу жерибиз менен окуп жаткан мектебибиз бири-бирине өтө жакын жайгашкан. Сабактан кийин баарыбыз мектептен чыгып уктоочу жерибизге барабыз. Ал эми сабактарыбыз тууралуу айта турган болсом, көбүрөөк кол эмгек менен алектенем, анткени кол эмгектин биздин колдорубуз жана манжаларыбызга пайдасы чоң. Мисалы: биз кийиз жана жүндөн ийненин жардамы менен ар кандай сүрөттөрдү жасайбыз. Негизи бул процесс мага аябай жагат. Ар бир иштин өзүнө жараша кыйынчылыгы болот эмеспи, биринчи жолу жасаганда өтө кыйналгам. Айтып өткөнүмдөй, биз сүрөттөрдү ийне сайып жасайбыз. Эгер ийнени кийизге түз сайбасаң, ийне сынат. Башында, үйрөнгөнгө чейин бир канча ийнени сындыргам, колумду да сайып алчумун. Бирок, кийинчерээк аракет кылып, жасаганды үйрөнө баштадым".

**"Жашоомдогу эң чоң бурулуш"**

"Адам ар тараптуу өзүн өнүктүрүүсү керек" деген сөз бекеринен айтылбаса керек. Дайыма өнүгүүгө аракет кылып, билим алууга умтулгандар чыныгы ийгиликтүү инсандар. Малика "Адам дайыма өсүп, өнүгүп турушу керек" деген ураан менен жашап келе жатат. Ал буга чейин IT, "Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын укугун коргоо", "Эл алдында эркин сүйлөө" сыяктуу бир канча курстарда окуган.

"Дайыма изденип, жаңы нерселерди үйрөнүүгө аракет жасайм. Өнүгүү менин өзүмдү да, жашоомду да өзгөртөт. Мисалы, эл алдына чыгып сүйлөгөндү үйрөткөн курстардан кийин, жашоомдо бурулуш башталды десем болот. Мурда өзүбүздүн мектепте алып баруучу болчумун, ораторлук курстан кийин башка иш-чараларды да алып бара баштадым. Эл алдында эркин сүйлөгөнүм жакшырды, мунун жардамы менен көптөгөн досторду таап, алып баруучулук жагынан өзүмдү өнүктүрө баштадым. Менимче, алып баруучулук бул- чоң жоопкерчилик. Анткени кандайдыр бир майрам же башка иш-чара болобу кызыктуу өткөрүү анын мойнунда. Себеби алып баруучу сахнада катышуучуларга кандай маанай тартууласа, майрам ошондой маанайда өтөт".

**"Эң кымбат адамым"**

Каармыныбыз Малика Халикова маегибиздин башында үй- бүлөдө жалгыз кыз экенин, ушул даражага жетишине апасынын эмгеги чоң экенин баса белгилеп өттү.

"Апамдын аты Райхан. Ал 55 жашта. Менин бул даражага жетип, ушундай ийгиликтерди багындырганыма апамдын мага болгон мээрими, ишеними жана эмгеги түрткү болду десем болот. Апам менин эң кымбат жана алмаштыргыс жакын адамым".

**"Буюрса университетке тапшырам"**

2019-2020-жылы пандемия учуру болуп ЖОЖ тапшыра алган эмес. Университетке тапшыруу анын эң чоң кыялы. Буюрса ушул жылы тапшыраары жөнүндө жүзүндө жылмаюу менен айткан Малика, "Келечекте ким болууну каалайсыз" деген суроону узатканыбызда, " Мен келечекте мыкты психолог болгум келет. Анткени психология бул- адамдын жан-дүйнөсүн ачканга жардам берет. Ошондуктан жеке өзүм адамзатка аз болсо да психология жагынан жардам берем деген оюм, тилегим бар"-деп жооп берди.

**"Кыйынчылыктар бул - убактылуу"**

Тоскоолдуктарды жеңип өткөн 24 жаштагы кызыбыз Малика Халикова:" Биздеги азыркы кыйынчылыктардын баары өтүүчү нерсе, калуучу эмес. Аллахым ал сыноолорду бизди сынаш үчүн жөнөтөт. Биз бул жашоого жөн келген эмеспиз. Менин дагы же башка бир жөнөкөй адамдын да өзүнүн миссиясы болот. Болгону аны ачыш керек деп ойлойм. Мен азыркыга чейин бир нерсени түшүнүп жеттим. Адам баласы өзүнө-өзү рамка коюп коёт экен. Мисалы: "Мен бул нерсени кыла албайм" десең мээге сигнал жөнөтөсүң. Анан дал ошондой түшүнүк мээде калыптанып калат. Тескерисинче, эгер кыйынчылыктардын убактылуу экенин ойлоп, өзүңө ишенсең буюрса сөзсүз ийгиликке жетесиң"-деп ар бирибизге ден соолук жана ийгилик каалап маегибизди жыйынтыктадык.

# Өзбекстандык көк бөрүчү Жони

Даярдаган: Санжарбек Тажибаев

***Жалпы журтка "Жони" деген каймана аты менен таанымал көк бөрүчү Өзбекстандын Жизак облусунун Бахмал районундагы кыргыз айылдарынын биринде туулган. Чыныгы аты Жаныкул Умаров. Өзбекстандык кыргыз жигит учурда бүтүндөй өзбек элине таанылган улакчылардын бири.***



Азыркы күндө Өзбекстан курама командасында ойноп жаткан Жони жаш кезинен эле көк бөрүгө кызыкканын айтат:

"Үй-бүлөдө 7 бир тууганбыз 3 уул 4 кыз. Мен ортончусумун агам да иним да улакчы. Үй-бүлөбүз менен бул кесипти аркалап калганыбыздын себеби ата-бабаларыбыздан бери көк-бөрү ойноп келгендиги болсо керек. Атам, чоң атам дагы элге белгилүү улакчылардан болгон. Жаш кезимден көк бөрү ойногонго кызыкчумун, бир да улакты калтырчу эмесмин. Улак болгон күндөрү мектепке барбай калган күндөрүм да болгон. Улакка минчү атыбыз бар болчу, ошону минем деп, агамдын артынан чуркап жүрүп мен дагы улакчы болдум".




Өзбекстанда көк бөрү боюнча лигалар жок болгондуктан, негизинен аламан улак тартыштарга катышып, баш байгени көп жолу уткан.

Каарманыбыз курама команда менен да көптөгөн ийгиликтерди багындырып келет. 2017- жылы Казакстанда өткөн чемпионатта команда менен жигердүү катышып, 2018-жыл Кыргызстанда болуп өткөн дүйнөлүк көчмөндөр оюнунда финалга чыгып 2-орунду ээлеген.

Чындыгында курама командага бардык улакчыларды чакырышпайт, арасынан эң мыктылары гана ойношот. Командага алынганымда аябай сүйүнгөм, сезимдеримди сөз менен айтып бере албайм. Бул мен үчүн чоң сыймык болгон.

Азыр иним Алыкул дагы курама командага чакырылды. Жакында Кыргызстанда эгемендүүлүк күнүнө карата өткөрүлгөн чемпионатка барып катышып келди.



Жони улакчы азыркы күндө Өзбекстанда да көк бөрү командалары түзүлүп, Кыргызстандагыдай лигалык оюндар өткөрүлөрү тууралуу айтып берди:

"Жакында эле Өзбекстанда да көк-бөрү командалары түзүлдү. Буйруса, Кыргызстандагыдай лигалык оюндар өткөрүлөт. Биз муну көптөн бери күтүп жаткан болучубуз. Алдыда Түркияда болуп өтүүчү дүйнөлүк көчмөндөр оюну турат. Бул чемпионатка катуу даярдык көрүп жатабыз, көчмөндөр оюну биздин башкы максатыбыз, эми командадан жөн эле катышып коюу эмес, сөзсүз баш байгени утуп келишибиз керек деп үмүттөнүп турабыз".

Жони үчүн көк бөрү оюну жашоосунун маңызына айланган. Ал Өзбекстанда көк бөрү оюнун таанытып жана жайылтып келе жаткан эр азаматтардын бири.

# Коммуникация факультетинин окутуучулары жеңишке ээ болушту




КАБАР: MEDIAMANAS
Мехрафруз Набиева

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин окутуучулары Артыкпай Сүйүндүков, Молдосейит Мамбетакунов жана Стамбулбек Мамбеталиев жасаган эмгектери үчүн атайын сыйлыктарга ээ болушту.**

Артыкпай Сүйүндүковдун "Шамбала" атту тасмасы 10-Москва кинофестивалында (Будем жить) "Эң мыкты режиссер" номинациясында Президенттик сыйлыкка татыктуу болду.

Ошол эле убакытта "Шамбала" тасмасы "Эң мыкты оператор" номинациясында да сыйлык алып келди.

"Манас" университетинин атынан даярдаган Молдосейит Мамбетакунов менен Стамбулбек Мамбеталиевдин "Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары" даректүү тасмасы 19-Красногорскидеги спорт кинофестивалында "Алтын мурас" сыйлыгына татыктуу болду.

Артыкпай Сүйүндүков менен Стамбулбек Мамбеталиев MEDIAMANAS агенттигинин түз эфиринде конок болуп, алган жаңы сыйлыктары жана аткарган иштери тууралуу маалымат беришти.

# Спорт илимдер факультетинин студенти медалдарга ээ болду

Кыргыз-Түрк "Манас» университетинин спорт илимдери факультетинин 3-курсунун студенти Айжан Анарбекова Кыргызстан жана Россияда өткөн мелдештерде чоң ийгиликтерди жаратты.

2021-жылдын 4-6-сентябрында Россиянын Казань шаарында өткөн Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин I Спартакиадасында салттуу таяк-тартыш, бел боо күрөшү жана армрестлинг боюнча Кыргызстандын улуттук курама командасынын оюнчусу Айжан Анарбекова 76 килограмм салмакта бел боо күрөшү боюнча күмүш медалга ээ болду.

2021-жылдын 8-12-август күндөрү Кыргызстандын Чолпон-Ата шаарында өткөн 20-Эл аралык Ысык-Көл спорт оюндарында Айжан Анарбекова бел боо күрөшү категориясында да биринчи орунду жеңип алган. Ушул эле мелдеште Айжан Анарбековага 85 кг салмакта таяк-тартыш боюнча 2 алтын медаль тагынган.



КАБАР: MEDIAMANAS
Мехрафруз Набиева

manas
mediamanas.kg



## Спорт илимдер факультетинин доценти мамлекеттик сыйлык алды

КАБАР: MEDIAMANAS
Мехрафруз Набиева

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Спорт илимдер факультетинин жана Спорт окутуу бөлүмүнүн башчысы доц., докт. Жипаркул Абдырахманова мамлекеттик сыйлык алды.

Ж.Абдырахмановага өлкөнүн дене-тарбия жана спорт тармагына кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын дене тарбия жана спортуна эмгек сиңирген кызматкер наамы ыйгарылды.



## “Мал базарындагы айым”

Алтынкыз Шаршенкулова

Токтогулдагы мал базарда, майда малын сатуу үчүн кардар күтүп отурган аялдын көз карашы адамдын көңүлүн бурат.



## “-20дан +20га чейин”

Айгерим Акылбекова

Күнөсканачы Алмаз күнөсканасында өстүргөн жашылча-жемиштер кышында -20 градустан төмөн болгон катаал шарттарда тоңуп калбашы үчүн көмүр жагып, жылуулукту +20 градуста кармап турат.



## “Апокалипсис”

Гулиза Урустамбек Кызы

Бишкектин четинде айына бир жолу ачылган мал базарга өлкөнүн дээрлик бардык аймактарынан сатуучулар жана кардарлар келишет.



## “Саамал”

Нурзат Казыбекова

Бийиктиги 3000 метрге жеткен Нарында жылкылардын сүтүн саап ичүү күнүмдүк иш.


• КТМУнун атынан гезит ээси

Ректор, проф. док. Алпаслан Жейлан

Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• Башкы редактор
Доц. док. Угур Үнал

• Басма сөз координатору
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Илимий кеңеш
Доц. док. Эрдоган Акман
Доц. док. Гөкче Йогуртчу
Доц. док Ниязи Айхан
Улук окутуучу Бакыт Орунбеков

• Котормочулар
Улук окутуучу, док. Топчугул Нармаматова
Студент Мехрафруз Набиева

• Редакторлор
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• Дизайнер
Равшан Абдуллаев

• Дареги
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164